**Мырзаке-Куршаб-Дөң-Булак райондорундагы суу менен жабдуу системаларын реабилитациялоо боюнча долбоор**

**Долбоордун баяндалышы**

«Өзгөн районун ичүүчү суу жана канализация менен жабдуу агенттиги» муниципалдык биргелешкен ишканасына (мындан ары – Компания) 2 млн. еврого чейин кредит берүү. Компания тең даражада Мырзаке, Куршаб жана Дөң-Булак муниципалитеттерине таандык (мындан ары «муниципалитеттер») жана муниципалитеттерге ичүүчү суу менен жабдуу кызматтарын көрсөтөт.

Финансылоо планында Борбор Азия үчүн Европа союзунун Инвестициялык фондунан (мындан ары (БАИФ) долбоорду ишке ашырууга көмөктөшүү үчүн 2 миллион евро өлчөмүндө инвестициялык грант берүү каралган.

Кредиттин жана гранттын каражаттары суу менен жабдуу системасын реабилитациялоо боюнча эң шашылыш иштерди финансылоого пайдаланылат. Долбоор суу менен жабдуунун эң маанилүү тармактарын алмаштырууну жана реабилитациялоону камтыйт, суу эсептегичтерди модернизациялоону жана ыкчам жана оңдоо жабдууларын жеткирип берүүнү камтыйт. Инвестициялар таза сууга жетүүнү олуттуу жакшыртат, суу жоготууларды кыскартат, климаттын өзгөрүүлөрүнө туруктуулукту жакшыртат жана Компаниянын операциялык чыгымдарын оптималдаштырат.

**Долбоордун максаттары**

1. Мырзаке, Куршаб жана Дөң-Булак муниципалитеттеринде суу менен жабдуу системаларынын инфратүзүмүн калыбына келтирүү; жана
2. Кардардын ишин финансылык жана ыкчам башкаруунун жакшыртуу.

**Өткөөл процесске таасир берүү**

Долбоордун өткөөл процесске таасирине төмөнкү факторлор кирет:

- Транспаренттүүлүк стандарттарын жогорулатуу жана мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүгө контракттарды түзүү жолу менен башкаруунун сапаттарын жогорулатуу;
- Чыгымдардын ордун толтурууну камсыздоо жана төлөмдөрү чогултууну жогорулатуу үчүн Тарифтик методологияны жана тарифтик түзөтүүлөрдү иштеп чыгуу;
- Бизнес-план, финансылык оптималдаштыруу планын, МСФО даярдоо, башкаруу маалыматтар системасын киргизүү, кайчылаш субсидияларды кыскартуу жана башкаруу маалыматтарын жакшыртуу үчүн суу эсептегичтер менен камтууну көбөйтүү жолу менен суу менен жабдуу боюнча Компаниянын потенциалын өстүрүү.
- Жамааттардын деңгээлинде кызыкдар тараптардын катышуу программасы формасында суу менен жабдуу кызматтарынын пайдалануучулары менен расмий консультациялар процессин киргизүү.

Долбоор суу менен жабдуунун натыйжалуугун, ишенимдүүлүгүн жан сапатын олутту түрдө жогорулатат, коопсуз ичүүчү сууга үзгүлтүксүз жетүүнү камсыздоого көмөктөшөт, суулардын булганышын токтотууга жана калктын ден соолугун жакшыртууга көмөктөшөт.

**Кардар**

«Өзгөн районун ичүүчү суу жана канализация менен жабдуу агенттиги» муниципалдык биргелешкен ишканасы.

Компания тең даражада Мырзаке, Куршаб жана Дөң-Булак муниципалитеттерине таандык. Компания муниципалитеттерге ичүүчү суу менен жабдуу кызматтарын көрсөтөт. Компаниянын катталган кардарларынын саны 2018-жылдын соңуна карата 12 180 жана инвестициялык долбоордун жана калктын табигый өсүшүнүн натыйжасында 2022-жылга карата 33 461 чейин, 2033-жылга карата 43 045 чейин көбөйө турганы прогноздолгон.

**ЕРӨБ каражаттары**

Мамлекеттин кепилдиги менен 2 миллион еврого чейин суммада кредит.

**Долбоордун жалпы баасы**

Долбоордун капиталдык салымдары 5 миллион еврого чейин.

**Айлана-чөйрө жана социалдык чөйрө боюнча резюме**

Долбоор 2014-жылы банктын экологиялык жана социалдык саясатына ылайык В категориясына киргизилген. Экологиялык жана социалдык комплекстүү текшерүү (мындан ары “ESDD”) көз карандысыз кеңешчи тарабынан жүргүзүлгөн. ESDD суу менен жабдуу кызматтарынын натыйжалуулугун жана

ишенимдүүлүгүн жогорулатуунун эсебинен ичүүчү таза сууга жетүүнү олуттуу түрдө кеңейтээрин көрсөткөн. Долбоордун потенциалдуу жагымсыз натыйжалары дыкат долбоорлоо, кесепеттерин жумшартуу боюнча чараларды ишке ашыруу жана талаптагыдай башкаруу практикасын жүзөгө ашыруу жолу менен локалдаштырылат жана жеңил жоюлат.

ESDD башкаруу потенциалын жана компаниянын башкаруу системасынын айлананы коргоо, ден соолукту, эмгекти жана коопсуздукту коргоо маселелери боюнча начар экенин, ошондой эле компания тарабынан көрүлүп жаткан айлананы коргоо, ден соолукту, эмгекти жана коопсуздукту коргоо методдору жана кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү методдору ЕРӨБ талаптарына шайкеш келүү үчүн мындан ары жакшыртууга муктаж экенин көрсөттү. Компаниянын объекттери азыркы убакта абдан жаман абалда турат, бул ишенимсиз жана сапатсыз суу менен жабдууга алып келет, суунун жоготуулары жана энергия керектөө өсөт. Жакшыртууларга карабастан, ЕС ичүүчү суу сапатынын стандарттарын сактоону камсыздоо үчүн кошумча инвестициялар талап кылынат.

Компания банкка ар жылдык экологиялык жана социалдык отчетторду, анын ичинен экологиялык жана соицалдык иш-чаралар планынын аткарылышы жөнүндө отчетторду берип турат. Банк мониторинг жүргүзүп турат, ошондой эле долбоор аяктаганда текшерүү жүргүзөт.

**Техникалык кызматташуу**
Бул долбордун алкагында техникалык кызматташуунун төмөнкү милдеттери каралган («ТК»):

**Долбоорго кол коюунун алдында**

- Долбоордун көлөмдөрүн жана түзүмүн аныктоо үчүн техникалык талдоо, финансылык, экологиялык жана социалдык талдоо (ЕРӨБ тарабынан 200 650 евро суммасына каржыланат).

**Долбоорго кол коюлгандан кийин**

- Долборду ишке ашырууну колдоо. Долборду ишке ашыруу боюнча топту колдоо үчүн эл аралык консультант, кеңири долбоорлоо жана бекитүү, сатып алуулар, тендерлерди даярдоо жана баалоо, контракттарды түзүү жана администрациялоо, финансылык контролдоо, долбоорду башкаруу жана отчеттуулук. Тапшырманын болжолдуу басы 400 000 евро жана БАИФ тарабынан каржыланат.
- Корпоративдик өнүктүрүүнү колдоо программасы. Тапшырманын болжолдуу баасы 400 000 евро жана БАИФ тарабынан каржыланат.

**Компаниянын байланыш маалыматтары**
Калбаев Жуманазар Нуркамилович мырза
e-mail: Zhumanazar.Kalbaev64@mail.ru
+996 774 760 820
дареги: Кыргыз Республикасы, Ош облусу, Өзгөн району, Бакмал айылы, И.Жусупов көчөсү, 26

**Долбоорлорго катышуу үчүн мүмкүнчүлүктөр**
Долбоорго катышуу же сатып алууга катышуу үчүн кардар-компанияга кайрылууну суранабыз
Мамлекеттик сектордогу долбоорлор: см. EBRD Procurement.
Сурап-билүү: тел. +44 20 7338 6794
эл. почта**:** procurement@ebrd.com

**Жалпы маалымкаттар**

Сатып алууларды жүргүзүүгө байланышы жок болгон ЕРӨБ долбоорлору боюнча маалымкат:
Тел.: +44 20 7338 7168;
эл. почта: projectenquiries@ebrd.com

**Коомчулукту калыптандыруунун принциптери (ККП)**

ККП ЕРӨБ стратегияларын, саясатын жана операциялык иш-аракеттерин тереңирээк түшүнүүгө жана билүүгө көмөктөшүү үчүн ЕРӨБдө белгиленген маалыматты ачыктоонун жана кызыкдар тараптар менен консультацияларды жүргүзүүнүн тартибин аныктайт
ККП Тексти

**Долбоорго байланыштуу даттануулар кароо боюнча орган**
Долбоорлорго байланыштуу даттанууларды кароо боюнча орган ЕРӨБ иш-аракеттеринин отчеттуулугун камсыздаган механизм. Ал жеке жактардан жана уюмдардан келип түшкөн Банк каржылаган, арыз

берүүчүлөрдүн пикири боюнча экологиялык жана (же) социалдык зыян келтирген же келтириши мүмкүн болгон долбоорлорго тиешелүү даттанууларды көз карандысыз кароонун жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет

Даттанууларды берүүнүн формалары жөнүндө маалыматты долбоорго байланыштуу даттанууларды кароо боюнча органдын сайтынан караңыз. ДКО процедураларынын эрежелерине ылайык даттануу берүү же аларды каттоого коюлган талаптарга жана алардын алгылыктуулугун таанууга тиешелүү суроолорго жооп алуу үчүн ДКО ыйгарым укуктуу кызматкерине кайрылуу керек, дареги: pcm@ebrd.com